# PISAга БАГЫТТАЛГАН ТЕСТТЕРДИ КОЛДОНУУ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨ

PISA изилдөөсүнүн уюштуруучусу Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча эл аралык уюм – ЭКӨУ( https://www.oecd.org/pisa/ ). PISA 15 жаштагы окуучулардын функционалдык сабаттуулугун баалайт. PISA окуучулардын алган билимин кайра чыгаруу жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле окуучулардын турмуштук кырдаалдарда өз жөндөмдүүлүктөрүн колдоно аларын баалайт.

PISAга багытталган тесттердин максаты – Кыргыз Республикасынын окуучуларын PISA-2025ке катышууга даярдоо. PISAга багытталган тесттер республиканын алдыңкы мугалимдери тарабынан иштелип чыкты.

Консультанттар менен сырткы эксперттер Россиянын билим берүү академиясынын Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы институтунун адистери болушту.

PISAга багытталган тесттик тапшырмаларда окуучулар жана мугалимдер аларды чечүү үчүн алган билимдерин окуу чегинен чыккан жеке жана коомдук маанидеги кырдаалдарда колдонуу талап кылынган тапшырмалар менен тааныша алышат. Класста же класстан тышкаркы иш-чараларда тапшырмаларды колдонуу окуучуларга алган билимдерин колдонууга мүмкүндүк берет, ал эми мугалимдер окуучулардын негизги көндүмдөр боюнча калыптанган компетенцияларынын деңгээлин баалай алышат . Бардык тапшырмалар баалоо критерийлери менен иштелип чыккан, бул мугалимдерге окуучунун жообун калыс баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Эскертүүлөр:

- Тапшырмаларга киргизилген түстүү сүрөттөр түстүү принтерде басылышы керек.
- 2024-жылда жарыяланган PISAга багытталган тесттер айдын башында жайгаштылса, баалоо системасы бир ай өткөн соң жайгаштырылат.

PISAга багытталган тесттерге байланышкан бардык суроолор боюнча

ncokoit_pisa.kg@mail.ru электрондук дарегине жазгыла.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялардын улуттук борборунун жамааты ийгиликтерди каалап, кызматташууга үмүттөнөт.